Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын негизги иш-максаты, милдеттери жана ыйгарым укуктары

Быйыл, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (Кыргыз Банкы) түзүлгөнүнө 25 жыл толуп отурат. 1992-жылдын 6-мартында республикабыздын легендарлуу Жогорку Кеңеши, СССР Госбанкынан Улуттук банкты кайра түзүү токтомун кабыл алган. Так, ушул күн Улуттук банктын түзүлгөн күнү болуп белгиленип келет. Ушуга байланыштуу, чейрек кылымдык тарыхы бар Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүлүшү, аткарган иш-максаттары менен ыйгарым укуктары тууралуу аталган банктын Талас областтык башкармалыгы төмөнкүлөрдү маалымдады.

Кыргызстанда банк тутумунун калыптанышынын тарыхый этаптары

Алгачкы акча жүгүртүү, металлдан акча жасоо 7-кылымда Семиречьеде жаралып, акча жасап чыгарган үйлөрдүн калдыктары Чүй, Талас облустарында табылган. Акча жасоонун өнүгүшү 10-11 кылымдарда Карахандардын дооруна туш келет. 19-кылымдын аягында биринчи уезддик кассалар Токмок, Ысык-Көл, Ошто ачылган экен. 20-кылымдын башында Пишпекте жалгыз Орус-Азия векселдик банкы ачылат. 1924-жылы СССР мамлекет банкынын Ортоазиялык конторасынын Пишпектик бөлүмү ачылат да, 1926-жылы ал Кыргыз республикалык конторасы деп аталат. 1932-жылы СССР курулуш банкынын Кыргыз республикалык конторасы түзүлөт. 1959-жылы бүткүл союздук капиталдык курулуш каржылоо банкынын Кыргыз конторасы түзүлөт. 1987-жылы СССР мамлекет банкынын Кыргыз республикалык конторасы СССР мамлекет банкынын Кыргыз республикалык банкына айланат. Ошол эле жылы «Жилсоцбанк», «Промстройбанк», «Агропромбанк» аттуу мамлекеттик банктар түзүлөт. 1990-жылы биринчи коммерциялык банк АКБ «Курулушбанк» ачылган. 1991-жылдан баштап башка коммерциялык банктар ачылып, мамлекеттик банктар акционердик-коммерциялык банктарга айлана баштаган.

Ал эми 1992-жылдын 6-мартында Кыргызстан Республикасынын Жогорку Кеңешинин №873-XII токтомуна ылайык Кыргызстан Республикасынын Мамлекеттик банкы Кыргызстан Республикасынын Улуттук банкы (Кыргызстан банкы) болуп кайрадан түзүлгөн.

1993-жылы, СССР тарагандан кийин Кыргыз Республикасы биринчилерден болуп өз улуттук валютасын-сомду жүгүртүүгө киргизген. Ал тарыхый чечимдин тууралыгын мезгил көрсөттү. Чет элдик акционерлердин катышуусу менен да коммерциялык банктар ачыла баштаган. Кийинирээк, бир топ банктар банкрот болуп жоюлуп, бекемдери өз ишин улантты. Банк системасы мамлекет менен кошо өнүгүп, бара-бара калыптанып-такшалып отуруп, учурда 25 банк өз ишин ишенимдүү алып барууда.

Улуттук банк эмне үчүн керек?

Улуттук банк Кыргыз Республикасынын банкы (Кыргызстан банкы) болуп саналат жана анын менчигинде турат. Улуттук банктын укуктук даражасы, иш максаты, аткаруучу иш-милдеттери жана ыйгарым укуктары Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана мыйзамда аныкталган. Мыйзамга ылайык, Улуттук банк өз ишин жүргүзүүдө өзүнө пайда алуу максатын көздөбөйт жана мамлекет менен өз ара бири-биринин милдеттемелери боюнча жооп бербейт. Коммерциялык банктардан айырмаланып, Улуттук банк жарандар менен түздөн-түз иш алып барбайт, кардарларды тейлебейт.

Башкача айтканда, Улуттук банк – бул өлкөнүн Борбордук банкы. Дүйнөдө ар бир эгемендүү мамлекеттин өзүнүн Борбордук банкы бар, анткени мамлекетке таандык өзүнүн улуттук валютасы жана банктык, төлөм тутумдары болот.

Жалпы жонунан айтканда, Улуттук банк өлкөнүн улуттук валютасынын сатып алуу жөндөмдүүлүгүн, туруктуулук кудуретин колдоо менен, банк жана төлөм системаларынын коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылат, булардын натыйжасында Өкмөт менен бирдикте жалпы экономикалык өнүгүүнү камсыз кылууга көмөктөшөт.

Улуттук банктын негизги максаты жана иш-милдеттери

Улуттук банктын ишинин негизги максаты - тийиштүү акча-кредит саясатын жүргүзүү жолу менен баалардын туруктуулугуна жетишүү жана кармап туруу болуп эсептелет.

Улуттук банктын негизги иш милдеттери - узак мөөнөттүү экономикалык өнүгүүгө өбөлгө түзүү менен улуттук валютанын сатып алуу жөндөмдүүлүгүн колдоо, банк жана төлөм системаларынын натыйжалуулугун, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу болуп саналат.

Акча-кредит саясатын жүргүзүүдө Улуттук банк Өкмөт менен өз ара тыгыз кызматташат. Макропруденциалдык жөнгө салууну кошо алганда, Улуттук банк өз алдынча, ошондой эле Өкмөт менен өз ара аракетте мамлекеттин финансылык туруктуулугун камсыздоого багытталган чараларды иштеп чыгат жана жүзөгө ашырат. Финансылык туруктуулукту камсыз кылууга көмөктөшүү максатында мамлекеттик органдар, ошондой эле менчигинин түрүнө карабастан юридикалык жактар финансылык туруктуулукка баа берүү, талдоо жана мониторинг жүргүзүү үчүн макропруденциалдык көрсөткүчтөрдүн курамы боюнча зарыл маалыматтарды Улуттук банкка өз учурунда берип турууга милдеттүү. Улуттук банк акча-кредит саясатын жүргүзүү максатында баалуу кагаздарды чыгарууга жана эл аралык практикага ылайык операциялардын бардык түрлөрүн жүргүзүүгө укуктуу.

Улуттук банктын негизги функциялары жана ыйгарым укуктары

- банк тутумунун абалын, анын ичинде көзөмөлгө кирген банктардын жана банк эмес башка юридикалык жактардын ишин көзөмөлдөйт;
- бирдиктүү валюта саясатын иштеп чыгат жана жүзөгө ашырат;
- улуттук валютанын эмиссиясын жүргүзөт;
- банктык каржылоонун ар кандай түрлөрүн жана принциптерин ишке ашырат;
- төлөм системасын көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырып, анын натыйжалуу, ишенимдүү жана коопсуз иштөөсүн камсыздайт;
- мыйзамга ылайык уруксат берүүчү (лицензия) документтерди берет;
- банк операцияларын жүргүзүү эрежелерин белгилейт;
- мыйзамга ылайык, бардык эл аралык резервдерге ээлик кылат жана башкарат;
- статистика боюнча мамлекеттик орган менен бирдикте төлөм балансын түзөт жана Кыргыз Республикасынын эл аралык инвестициялык позициясын аныктайт;
- банк мыйзамдарына ылайык, ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгат жана кабыл алат;
- акча-кредит саясатына, банк жана төлөм тутумуна тиешелүү маселелер боюнча эл аралык форумдарда, конференцияларда жана уюмдарда Кыргыз Республикасынын кызыкчылыгын коргойт жана анын атынан иш жүргүзөт;
- электрондук акча эмиссиясын жүргүзүү (чыгаруу) укугуна ээ;
- банктык кызматтарды керектөөчүлөрдүн укугун коргойт;
- Мыйзамдарга ылайык мындан башка дагы ыйгарым укуктарды ишке ашырат.

Валюта саясаты жана акча жүгүртүү

Улуттук банк республикабызда бирдиктүү валюта саясатын жана валюталык жөнгө салууну иштеп чыгат жана жүзөгө ашырат.

Улуттук валютанын акча белгилерин жүгүртүүгө чыгаруу жана жүгүртүүдөн алуунун ыйгарым өзгөчө укугу Улуттук банкка гана таандык. Бул нерсе, Улуттук банктын көз карандысыздыгынын жана финансылык-банктык тармагындагы өзгөчө ордун белгилеп турат. Накталай акча белгилери банкнот жана монета түрүндө жүгүртүүгө чыгарылат. Банкнотту жана монетаны төлөм каражаты болууга жараксыз деп жарыялоого бир гана Улуттук банк укуктуу. Банкноттор жана монеталар Улуттук банктын сөзсүз милдеттенмеси болуп саналат жана анын бардык активдери менен камсыз кылынат.

Расмий алмашуу курсу рыноктук спот-алмашуу жана башка рыноктук курстардын негизинде Улуттук банк тарабынан аныкталат жана жарыяланат. Эгерде Улуттук банк тарабынан башкасы белгиленбесе, спот-алмашуу жана башка рыноктук алмашуу курстары сатуучу менен сатып алуучунун ортосунда эркин аныкталат. Улуттук банк башка мамлекеттердин акча бирдиктерине карата сомдун расмий курсун аныктап турат.

Улуттук банк өлкөбүздүн аймагында накталай акчанын жүгүртүлүшүн уюштуруу максатында:

- акча белгилерин чыгарууга болгон керектөөнү болжолдойт жана алардын даярдалышын камсыздайт;
- акча белгилеринин резервдик фонддорун түзүүнү камсыз кылат, аларды даярдоого заказдарды даярдайт жана жайгаштырат;
- банктар үчүн накталай акча белгилерин сактоонун, ташуунун жана инкассациялоонун тартибин жана талаптарын белгилейт;
- банктар жана банктык эмес финансылык-кредиттик уюмдар үчүн кассалык операцияларды жүргүзүү тартибин иштеп чыгат жана бекитет;
- акча белгилеринин төлөөгө кудуреттүүлүгүн аныктоо тартибин белгилейт;
- акча белгилеринин коргоо мүнөздөмөлөрүн жана аларды алмаштыруу тартибин, ошондой эле жүгүртүүдөн алынган акча белгилерин жок кылуу тартибин аныктайт;
- накталай акчаны жүгүртүүнү уюштуруунун эл аралык практикада кабыл алынган башка ыкмаларын жана механизмдерин колдонот.